**УДК:327.9**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-479-486**

**Курумбаева Г.Д.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Абдимомун уулу А.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## ИСЛАМ ДИНИНИН КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЕРРИТОРИЯСЫНДА ЖАНА КЫРГЫЗДАР АРАСЫНДА ЖАЙЫЛЫШЫНЫН ТАРЫХЫ ЖАНА ЭТАПТАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада учурда коомубуздагы негизги көйгөйлөрдүн бир болгон Кыргызстан аймагында байыртадан бери келе жаткан кыргыз элине ислам дининин жайылышы жана 7-8-кылымдарда арабдардын Орто Азияны басып алуусу менен түздөн-түз байланыштуу болгон кыргыз элинин исламдашуу процессинин өзгөчөлүктөрү каралган. Муну менен эле чектелбестен, ислам дини келгенге чейин Кыргызстандын аймагында кандай диндер же ишенимдер болгонун, жана ал ишенимдер же диндер туурасында да кыскача көрсөтүлгөн. Буга кошумча элибиз ислам динин кабыл алгандан соң кандай окуялар, болгону канчалаган жылдар кылымдар өтүп мамлекеттер алмашса да кыргыз эли ислам динин нарк насилин өзгөртпөстөн миңдеген жылдар бою карманып келгендиги, заман өнүккөн сайын ислам да өз карышын жайып кыргыз элинин салттуу динине айлангандыгы каралып, исламдын дининин Кыргызстан аймагында бекемделүү этаптары берилген.

**Негизги сөздөр:** Ислам; исламга чейинки ишенимдер жана диндер; идеологиялык мелдеш, ислам дининин жайылышы, кыргыз элинин исламдашуусу, исламдашуу процессинин өзгөчөлүктөрү.

**Курумбаева Г.Д.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Абдимомун уулу А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ИСТОРИЯ И ЭТАПЫ РАСПРОСТРАНЕНИЯ ИСЛАМА НА ТЕРРИТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА И СРЕДИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

**Аннотация**. В данной статье рассматриваются особенности процесса исламизации кыргызского народа, который является одной из основных проблем в нашем обществе на данный момент, что напрямую связано с распространением ислама среди кыргызского народа в Кыргызском регионе и завоеванием Средней Азии арабами в VII-VIII вв. Не ограничиваясь этим, до прихода ислама, какие религии или верования существовали на

территории Кыргызстана, а также краткое описание этих верований или религий. В дополнение к этому, что произошло после того, как наш народ принял Ислам, сколько лет и столетий прошло, и кыргызский народ следовал Исламу в течение тысяч лет, не меняя ценности Ислама, и с течением времени Ислам распространился и стал традиционным Приведены этапы укрепления религии кыргызского народа в регионе.

**Ключевые слова:** Ислам; доисламские верования и религии; идеологическая конкуренция, распространение ислама, особенности процесса исламизации, основные этапы распространения ислама

**Kurumbaeva G.D.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Abdimomun uulu A.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE HISTORY AND STAGES OF THE SPREAD OF ISLAM IN KYRGYZSTAN AND AMONG THE KYRGYZ PEOPLE

**Annotation:** This article examines the features of the process of Islamization of the Kyrgyz people, which is one of the main problems in our society at the moment, which is directly related to the spread of Islam among the Kyrgyz people in the Kyrgyz region and the conquest of Central Asia by the Arabs in the 7th-8th centuries. Without limiting this, before the advent of Islam, what religions or beliefs existed on the territory of Kyrgyzstan, as well as a brief description of these beliefs or religions. In addition to this, what happened after our people accepted Islam, how many years and centuries passed, and the Kyrgyz people followed Islam for thousands of years without changing the values of Islam, and with the passage of time, Islam spread and became traditional. The stages of strengthening the religion are given Kyrgyz people in the region.

**Key words:** Islam; pre-Islamic beliefs and religions; ideological competition, the spread of Islam, features of the process of Islamization, the main stages of the spread of Islam

Кыргыздардын кечээки күндөгү исламдашуусун тарых барактарында калган исламга кирүү мезгилинен баштоону туура көрдүк.

Кыргызстандын аймагы байыртадан бери Батыш менен Чыгыштын кесилишинде, Улуу Жибек Жолунун эң кыймылдуу бөлүгүнүн борборунда болгон. Бул геосаясий жайгашуу дал ушул территорияда дүйнөлүк диндердин идеологиялык негиздери жарыша тургандыгына маанилүү фактор болгон. Аягында, ар түрдүү маанилүү себептерден Ислам жеңишке жеткен.

Кыргыздардын исламдашууу процессин туура, далилдүү да орундуу, так жана даана карап чыгууу үчүн ислам динин кабыл алуудан мурун аларга таасирин тийгизген диндер жана ишенимдерди бир аз айтып өтпөсөк болбос. Белгилуу болгондой, кыргыз тарыхында буддизм динин кармануу да кездешкен, буддизм Кыргызстанга Улуу Жибек жолу аркылуу келген. Археологдор бул байыркы соода жолунда буддисттердин таасиринин издерин табышты. Кыргызстандагы буддисттердин эң белгилүү жерлери болуп Красная Речка айылына жакын жердеги Краснореченское конушу саналат, ал жерден казуу учурунда

биздин замандын 8-10-кылымдарына таандык Будданын эстелиги жана Ысык-Атанын а ймагындагы аска табылган. Красная Речка конушу бир кезде Улуу Жибек жолунун транзиттик пункту болгон. Бүгүнкү күндө көпчүлүк археологдор бул жерди орто кылымдагы Невакет шаарынын урандылары деп эсептешет, бул согди тилинде “Жаңы шаар” дегенди билдирет. Тарыхчылардын көпчүлүгү, мисалы А. Н. Бернштам, Ө. Караев, Т. Д. Жуманалиев, В. Д. Горячева ж.б. аны азыркы Орловка шаары, В. В. Бартольд ж.б. ЖелАргы, айрымдары Кызыл-Суу аймагы (А. Камышев) деп эсептешет [1,3-б]

Шаар согду жазма маалыматтарда биринчи жолу 711-жылы эскерилет. 737-жылы Невакет түргөштөрдүн каганы Сулук Чабыш-чор (моюн сунбаганы үчүн арабдар аны «Абу Музахим» – «Сүзөөнөк» деп аташкан) турган ордо-шаар болгон. Улуу Жибек жолунун жээгинде жайгашкандыктан, Невакет стратегиялык жактан маанилүү шаарлардын бири болуп эсептелген. 748-жылы кытай кол башчысы Ван Чжен-сян Түргөш кагандыгынын борбору Суябды талкалагандан кийин, Н. Батыш түрк (карлук) каганынын ордосуна айланган. Археологиялык казуулардын негизинде Невакет шаарынын тургундары 8–10-кылымда будда дини менен катар несториан динин кабыл алышканы далилденген. Невакет шаар калдыгын 20-кылымдын 39– 40-жылы археологдор А. Н. Бернштам, 50–60-жылыП. Н. Кожемяко жана Л. Р. Кызласов, 80–90-жылыВ. Д. Горячева жана башка изилдеген [1, 17-б.].

Ошондой эле түрк анын ичинде кыргыздарга христианчылык да сиңбей койгон эмес муну ислам динине чейин Кашгар Талас, жана Самарканд шаарларында христиан динине ишенген адамдар жашаган деп белгилеген Бартольддун эмгектеринен билсек болот [2, 65-б.].

Кыргыздар ислам динин кабыл алаардан мурун жогоруда аталган диндер жана алардын өкүлдөрүнө учурап кээ бир уруулар аларга өтүп кеткен болсо да ал ишенимдердин эч бири туруктуу ишмердүүлүгүн сактап тура алган эмес.

Алгачкы мезгилден тартып эле кыргыздар башка түрк уруулары сыңары Көкө Теңирге жана от парастык динине ишенип келишкен, ал тургай бул ишенимдер ислам динин кабыл алгандан кийин да бир канча убакыт сакталып кала берген, менимче күнүбүздөгү эле отко түкүрбө, күлдү тепсебе деген сөздөр да ушунун негизинде калыптанып калган. Ал доорлордо адам өлгөндө азыркыдай кепиндеп көмчү эмес балким өрттөп күлүн сапыруу же жерге көмөөрдө да курал жарак кызматчыларын кошо көмгөн ушунун өзү да кыргыздардын ар түрдүү диндерди карманып келгенине далалат кылат.

Белгилүү XI к. перс тарыхчысы Гардизи енисей кыргыздарынын диний ишенимдери жөнүндө мындай деп жазат:” Индустардай эле кыргыздар да өлүктөрүн отко тапшырышат, муну тазалануучу башталыш деп эсептешет жана алар оттун жалында бардыгы тазаланат деп эсептешет. Кээ бир кыргыздар уйга, шамалга, кирпиге сыйынышат. Алардын арасында шамандар да бар” [3, 47-б.].

Орус тарыхчысы Бичурин кыргыздардын сөөк коюу каада-салттарын сыпаттап жатып: «Маркумдун сөөгүн үч кабат кездемеге ороп, ачык жерге коюшуп өрттөйт, анан бир жылдан кийин сөөктөрдү чогултуп көмүшөт”-деп жазган [3, 98-б.]. Изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, Ислам дини азыркы Кыргызстандын аймагына 712-жылы Кутейбанын жортуулдарынын натыйжасында 8-кылымда сиңе баштаган. Исламдын жайылышы жөнүндө белгилүү тарыхчы В.В.Бартольд: “Арабдардын Орто Азиядагы негизги ийгиликтери 705–715-жылдары, Кутайба ибн Муслим Хорасандын губернатору болуп турганда болгон” деп жазат [4, 45-б.].

Араб халифатынын басып алууларына байланыштуу 8-кылымдын биринчи чейрегинде Ислам алгач Түркстандын түштүк аймактарында калыптанып, кийин бара-бара түндүккө

тараган. Аймакта исламдын кабыл алынышы жергиликтүү тургундар тарабынан колдонулган исламга чейинки диний ишенимдер менен (атап айтканда, зороастризм, буддизм) узакка созулган тирешүүдө ишке ашкан. Исламды жайылтуу үчүн арабдар жана алар түзгөн жергиликтүү династиялар ыктыярдуу негизде динди коргоочу казийлердин отряддарын түзүшкөн. Ошондой эле мезгилде Бартольд өзүнүн эмгектеринде араб баскынчылары тарабынан байыркы элдердин исламга чейинки жазууларын жок кылуу, динге мажбурлоо жана араб тилин таңуулоо жөнүндөгү негизсиз пикирди жокко чыгарган. Анын пикири боюнча: “Чындыгында араб тилинин ийгилиги арабдардын башынан эле байыркы заманда перстер же германдыктар жана монголдор сыяктуу тек аскерий уюмдун күчүнө гана таянбаганы менен түшүндүрүлөт” [4, 78-б.]. Ал ислам цивилизациясын көптөгөн элдердин акыл эмгегинин натыйжасы деп эсептейт, айрыкча ирандык маданияттын элементинин жетектөөчү ролун баса белгилеген.

“Ислам Арабстандын чек арасын кесип өтөөр замат, анын сөзсүз түрдө билимдүү чет элдиктерге жана коңшу өлкөлөргө да таасир эткен жана дин ал өлкөнүн үрп адаты менен жуурулушуп кете берген жана башка өлкөлөргө да өздөрүнүн үп адаттары менен кошо өткөрүп бере берген. Буга далил : исламдашуу түрктөр арасында перс маданиятынын жана фарс тилинин таасиринин күчөшүнө алып келгендиги” [4, 176-б.].

Чындыгында Исламдын жайылышы IX—X кылымдарда өкүм сүргөн персиялык Саманиддер династиясынын тушунда активдүү күчөгөнү белгилүү. Бул мезгилде түрк элдеринин кыйла бөлүгү ислам динин кабыл ала баштаган.

Жалпы түрдө түрк урууларынын ислам динин кабыл алуусу жөнүндө маалыматты Ибн аль Асиранын маалыматына таянып Бартольд белгилейт. Кайсы жерде болгону географиялык жактан так айтылбаса дагы, 200 мин көчмөн түрктөрдүн исламды кабыл алганы жөнүндө маалымат тарыхта жазылып калганы белгилүү [4, 241-б.]. Бартольддун ою баюнча, караханийлер доору боюнча маалымат.

Бирок, ошол эле кезде түрк элдери исламдашууга карабай, өздөрүнүн этникалык иденттүүлүгүн, тилин, маданиятын жана үрп-адаттарын сактап калышкан. В.Бартольд монголдордон кийнки мезгилдерде түрктөшүү жана исламдашуу процесстеринин чогуу жүргөнүн белгилеп: “түрк элементинин жениши ислам дининин жана маданиятынын женишине алып келди” деп белгилейт [4, 250-б.].

Кыргызстанда исламдын пайда болушун жана таралышынын тарыхы көрсөткөндөй, эки учурду эсепке албаганда ислам дини эч качан коомдо азыркыдай жогорку статуска ээ болгон эмес. Биринчисинде исламдаштыруу жогору жактан жүргүзүлүп, сезилерлик натыйжа берген жок. Кыргыз урууларынын өздөрүнүн Караханиддер каганатынын курамында болушу бүгүнкү күндө да тарыхчылар арасында талаш-тартыштарды жаратууда.

Орто Азияны 1216 – 1224 жылдары моңголдор басып алган мезгилде жергиликтүү калк Чыңгыз хандын баскынчылыгына каршы диний теманы да колдонгон, анткени басып алуучулар «каапырлар» болгон [5, 28-35-б.].

Моголистан мезгили тууралуу айта турган болсок, кээбир изилдөөчүлөрдүн пикири бонча кыргыз уруулары исламды кабыл алышкан эмес. Алар көбүнчө мусулмандарга (отурукташкан калкка) каршы жортуулдарды жасап, бул мамлекеттин кулашына чоң салым кошушкан. Бирок кийинчерээк моңгол башкаруучулары жана алардын тегереги да ислам динин кабыл алышкан.

Ислам дининин активдүү жактоочусу Тамерлан (Амир Тимур, 1336-1405жж.) болгону белгилүү. Көптөгөн диний имараттар, анын ичинде Самарканддагы эң чоң Биби-ханум

мечити Тамерландын мезгилинде курулган. Тамерландын тушунда Ахмед Ясауинин Түркстандагы (Түштүк Казакстан облусу) мүрзөсүнө күмбөз орнотулган. Ошондой эле кыргыз көчмөндөрүнүн арасында сопулук исламды үгүттөгөн түрк элинин таасирдүү диний ишмери Арслан Бабанын күмбөзү тургузулган. Аны Кыргызстанда азыр деле олуя катары сыйлашат. Күмбөз Арсланбапта (Базар-Коргон району) жайгашкан. Белгилей кетсек, 14-кылымдын биринчи жарымында, моңголдор басып алуу мезгилинде ислам мамлекеттик дин катары маанисин жоготкон. Кайра, 1354-жылдары Моголстан мамлекети мезгилинде (1348-жылы негизделген жана 16-кылымдын башына чейин болгон) калыбына келтирилген.

Ошо мезгилдерде (15-кылымдын аягынан тартып) кыргыздарТянь-Шанда үстөмдүк кылган этникалык топ болуп калган эле. Кыргыз улутунун XVI-XVII кылымдарда калыптанышына жана биригүүсүндө ислам биригүү идеологиялык факторунун ролун ойногон.

Көчмөн калктын арасында активдүү миссионердик иштерди жүргүзүү Кокон хандыгынын тушунда мусулман дин кызматкерлери молдолор жана суфий ишандар аркылуу башталган. Орто Азиядагы суфийлик бир туугандар – Ахмет Яссауи жана Накшбандия – исламдын кыргыздар арасында жайылышына олуттуу салым кошкон [6, 23-б.].

Кыргыздар 19-кылымдын экинчи жарымында Россия империясынын курамына киргенде кыргыздардын басымдуу бөлүгү өздөрүн мусулманбыз деп эсептешкен. Орус православ чиркөөсү Түркстандын аймагында миссионердик иш менен иш жүзүндө алектенбегендигин белгилей кетсек болот. Бүткүл империялык доордо 8 кара – кыргыз, 2 түркмөн, 3 өзбек, 1 перс (балким тажик) христиан динин кабыл алышкан. Ошол эле учурда Түркстанда 10 орус ислам динин кабыл алган, алардын арасында Громов деген дин кызматчы да болгон. Ыйманды өзгөртүү бул саналуу адамдар тарабынан православие менен исламдын мамилесине эч кандай таасир тийгизбестен, ички себептерден улам жасалгандыгы айдан ачык [7,156-б.]. Турмуштун шартына ылайык бардык улуттар, анын ичинде жаны келгендер жана жергиликтүү элдер бири-бирине чарбалык жана маданий иштин башка шарттарына жана формаларына ынгайлашууга аргасыз болушкан.

Мисалы, Кыргызстандын Каракол шаарындагы биринчи убактылуу православ чиркөөсү кыргыздын боз үйүнөн болгон. Кийинчерээк, кыргыз кийизи менен жабылган жыгач чиркөөсү пайда болгондугу маалым. Чиркөөлөрдүн жана сыйынуу үйлөрүнүн кызматчылары миссионердик иштерди негизинен православдык калктын арасында жүргүзүшкөн. Жергиликтүү калк исламдын жоболорун сакташкан [8, 24-б.]

Азыркы Борбордук Азиянын аймагында исламдын таралышын системалаштыруу үчүн изилдөөчүлөр төмөнкү этаптарды аныкташкан:

1) Кыргызстандын аймагында ислам дининин таралышынын алгачкы этабы (VII-X кылымдар);

2) Кыргызстандын аймагында исламдын расмий түрдө мамлекеттик дин катары таанылышынын этабы (б.з. 966-1137-ж.);

3) Саясий окуялардын таасири астында исламдын жайылышын басаңдатуу этабы (XII-XVI кылымдар);

4) Кыргызстандын калкынын исламдашуусунун күчөшүнүн этабы (XVI-XVIII кылымдар) [9, 19-б.].

Кийинки мезгил Кыргызстанда 18-кылымдан азыркы учурга чейин созулган “Ислам дининин бекемделүү мезгили” төмөнкү этаптарды камтыйт:

1). Кокон хандыгынын тушунда (1711-1876) Кыргызстандын аймагында ислам дининин бекемдөө этабы;

2). Россиянын колониялык системасынын алкагында Кыргызстандын аймагында исламдын таралышы (19-кылымдын ортосу 20-кылымдын 20-жылдары);
3). Совет доорундагы исламдын позициясы (1917 – 1991);
4) Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы ислам дининин өнүгүшү (1991-жылдан азыркы учурга чейин) [10, 19-б.].

Исламдын таасири экономикада, башкарууда, укукта, коомдук мамилелерде жана маданиятта терең из калтырган. Интеллектуалдык өнүгүүсү боюнча Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан дүйнөлүк цивилизациянын алдыңкы сабында турганына Абу Али ибн Сина, Абу Рейхан Беруни, Мухаммед аль-Фараби жана башка көрүнүктүү ойчулдардын өмүрү жана чыгармачылыгы далил. Алардын арасында кыргызстандыктар – дүйнөлүк тарыхта биринчи жолу ыр түрүндө философиялык-дидактикалык трактат жазган Жусуп Баласагын жана негизги илимий эмгеги түрк тилдеринин түшүндүрмө сөздүгү болгон Махмуд Кашгари.

Бул теманы изилдөөдө кыргыздар кайсыл доордон баштап ислам динин кабыл ала баштаган деген маселеде талаштуу болгон бир канча ойлор пайда болгон. Алардан Солтоноев, Эралиев, Дуйшенбиев ж.б. изилдөөчүлөрүбүз Караханид аймагында жашаган кыргыздардын кээбири 10-кылымдан баштап исламды кабылдаган деп белгилесе, Өмуркул Караев ж.б. Караханиддер мамлекетинин жашоочуларынан болгон кыргыздардын 12-кылымдан баштап исламды кабыл кыла баштагандыктарын белгилеп өтөт [11, 22-б.].

Ал эми С Мамбеталиев Б Жамгырчинов С. М. Абрамзон жана С.Б. Дорженов сыяктуу изилдөөчүлөр 17-кылымдын экинчи жарымы 18-кылымдын башы Кокон хандыгынын кыргыздарды басып алуусунан кийинки доорго байланыштырган.

Бул айтылган коз караштардын экинчи бөлүгү марксисттик идеологиянын негизинде айтылып улутубузду ким болгонудугубузду унуттуруу максатында айтылгандыгы ачык эле болуп калгансыйт. Алгачкы ойдо болсо кыргыздарды исламга кирүүсүн Караханиттер же чагатаиддер дооруна байланыштырылган.

Азыркы мезгилде, белгилүү чыгыш таануучулардын жана ата мекендик тарыхчылардын изилдөөлөрү Кыргызстандын аймагында ислам дининин 7-8-кылымдардан тарай баштаганын тастыктайт [12, 109-б.].

Жыйынтыгында, Кыргызстандын аймагында жана кыргыздардын арасында ислам дининин жайылуу, өнүктүрүү жана бекемдөө процесси миң жылдан ашык убакытты камтыганын көрсөк болот. Бул мезгилде ар түрдүү мамлекеттер түзүлүп, түрдүү элдердин маданияты биригип, бир-бирине таасир этип, кыйратуучу согуштар болуп, “элдердин жашоо турмушунда коптогон өзгөрүүлөр болгонун көрөбүз” [14, 195-б.]. Бирок ислам өзүнүн өнүгүүсүн бирде тездетип, бирде басаңдатып, мезгил-мезгили менен окуяларга жараша алга жылып, азыркы Кыргызстандын негизги динине айланды. Демек күнүбүздөгү биз исламдашып кеттик деп убайым тарткан жарандардын ойлору жүйөөсүз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы, 5-том. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014, -480-б.
2. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1996, История культурной жизни Туркестана / Академия наук СССР. Комис. по изучению естественных производит. сил СССР. – Л.: Изд-во АН СССР, 1927. – II, – 256 с.,

3. Осмонов О.Дж. История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). – Бишкек 2008. – 420с.
4. Бартольд В.В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. – М.1963, – 420с.
5. Дюшенбиев С. Роль ислама в становлении кыргызской государственности // Studia Turkologica. Воронежский сборник. (Ред. М.В. Кирчанов). – Воронеж, 2007. – Вып. 1. – С. 28-35;
6. Атантаева Д. История распространения ислама на территории Кыргызстана. //Дис…канд. ист. наук. – Бишкек: 2019, – 150с.
7. Бедельбаев А. Из истории деятельности европейских миссионеров на севере Кыргызстана в XIX – нач. XX вв. // Материалы международной конференций «Буддизм и христианство в культурном наследии Центральной Азии». – Бишкек. 2002, – 234с.
8. Курбанова Н., Мурзахалилов К. Ислам в общественно-политической жизни Кыргызстана (1991-2010 гг.). – Б. 2022, –150с.
9. Атантаева Д. История распространения ислама на территории Кыргызстана. – Б.:2019, – 159с.
10. Жусубалиев А. Кыргыздардын мусулмандашуу тарыхы. – Бишкек, 2016. -320 с.
11. Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан. Образование кыргызского народа. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 160 с.
12.Курбанова Н. К вопросу распространения ислама в Кыргызстане // Вестик Кырг.гос. университета. – Б., 2007. Вып.VIII. – С. 53-57.
13. Маанаев Э.Ж., Курбанова Н.У., Бекбоева А.К. Исламско-Христианские взаимоотношения в Кыргызстане, -Б, //Вестник КГУ им. И.Арабаева, 2020, №4, – С.191-197